# 1.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ

| | | | |
|---|---|---|---|
| • | Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу-методикалык камсыздалышы КРнын Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келиши керек. | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи(өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **1.1** | **Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына керектөөлөрүнө ылайык келүүсү** | Билим берүү уюмунун максаттары Мамлекеттик стандарттын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө дал келе бербейт.Мектеп өзүнүн уставына ылайык жалпы орто билим берүү менен иш алып барат.Окуу процесси Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн базистик окуу планынын негизинде жүрөт.Мугалимдер ар бир предмет боюнча бекитилген стандарттын негизинде КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилген программалар боюнча сабак өтүшөт. | Устав<br>Стандарттык окуу программалары;<br>Базистик окуу планы |
| **1.2** | **Окуу- методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү** | Окуу- методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын талаптарына толугу менен же жарым жартылай ылайык келет. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрү эске алынган эмес.Окуучуларга сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу үчүн педагогдордун кесиптик компетентүүлүгүн арттырууга,билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык компетентүүлүктү калыптандырууга жана окуучулардын азыркы коомго ыңгайланышуусун камсыз кылуу үчүн заманбап талаптарга ылайык мектепте окуу-материалдык базасын чындоого дайыма көңүл бурулуп келет,бирок ошентсе да жетишсиз.Окуу материалдары мугалимдер үчүн жетишсиз. | Методикалык колдонмолор |
| **1.3** | **Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине,анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу-методикалык адабияттардын фонду) болушу** | Мектепте билим берүү иштериндеги окуу,усулдук адабияттарынын ж.б. китепкана-маалымат каражаттары менен жабдылган китепканасы бар.Китепкананын окуу жана көркөм адабият фонду дайыма жаңыланып жана көбөйтүлүп турат, демөөрчүлөрдүн эсебинен мектепте “Бир адамдан бир китеп” долбоору менен мектепте | Окуу - методикалык адабияттардын фонду<br>Китепканадагы окуу китептери тууралуу маалымат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | дагы кошумча китепкана ачылган. Бул китепканада 10 миңден ашык китеп бар. Ал эми мектептин китепканасында окуу-методикалык адабияттарынын жалпы саны- 7335,анын ичинен окуу китептери - 5470,көркөм адабияттардын саны-1865 Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу 83% түзөт.Жетишсиз окуу китептери бар. | |
| 1.4 | **Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн,керектөөлөрүн жана канаттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу** | Билим берүү уюмунун веб-сайты, билим берүү уюму тууралуу керектүү маалыматтар жайгаштырылган маалыматтык буклеттери, стенддери ж.б болот. Маалыматтык материалдар дайыма жооптуу адам тарабынан жаңыланып турат. Коомчулук кайрылуулар жана сунуштар үчүн коммуникация каналдарын пайдаланат ( электр.почта, форум, жыйналыштар ж.б) Билим берүү сапаты жана окутуунун шарттарына тиешелүү ченемдерди талкуулоо жана кабыл алуу процессине коомчулукту тартууну ( ата-энелер комитети, бюджеттик угуулар, камкордук кеңеш ж.б) механизмдери пайдаланылат. | Электрондук почта,форумдар,жыйналыштар |
| | **Жыйынтыгы:**<br>**Күчтүү жагы: Мугалимдердин жогорку кесиптик квалификациясы. Ата-энелердин мектеп менен ар дайым тыгыз байланышта болуусу. Окуучулардын билим алуусу жана тартиби эки тараптуу ( мектеп, ата-эне) көзөмөлдөнүп туруусу.**<br>**Алсыз жагы: Мугалимдер үчүн методикалык китепчелердин жетишсиздиги.Көрсөтмө курал,лабораториялык жабдыктардын жетишсиздиги. Окуу китептеринин жетишсиздиги** | | |

| 2. Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо | | | |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү уюму окуучуларды окутууда жана жетишкендиктерин баалоодо компетентүүлүк мамилесин ишке ашырат.** | | | |
| 2.1 | **Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу** | Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун,методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкары иш алып баруу пландарында жана окуу программаларында белгиленген.Максаттар окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.<br>Окутуунун максаттары окуучунун позициясынан сабактардын пландарында белгиленген көрсөтмөгө ылайык келет.Перспективалык-тематикалык пландын негизинде мугалимдер өзүнүн сабагын пландаштырууда окуучулардын компетентүүлүгүн калыптандыруу үчүн максаттарды конкреттүү жана туура белгилешет.Сабактардын максатын коюууда мугалимдин жана окуучунун иш-аракети айкалышып,күтүлүүчү натыйжа компетентүү окутуунун жыйынтыгына багытталат. | Календарлык пландар, класстан тышкаркы иштердин пландары,<br>усулдук бирикме жетекчилеринин пландары |
| 2.2 | **Окутуу- тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу** | Мезгил өткөн сайын методикалык-теориялык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып билүүнүн методдору өркүндөдү. Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системалар принциби күч алып, педагогикалык закон ченемдери модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну жана башка окуу- тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү ишке ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө объектисин түзүүдө.<br>Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Мугалимдердин 50% кем эмеси окутууда жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. | Тех. каражаттар<br>Ноутбуктар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Сабакка даярдануу жана өткөрүү, окуучулардын жетишкендиктерин текшерүү жана баалоо инновациялык технологияларды колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Бирок, азыркы талапка ылайык инновациялык технологиялардын жетишсиздигинен каражаттар тартыш болот. Интернет түйүнү менен 1 класс камсыз болуп мугалимдер сабакка керектүү материалдарды интернет булактарынан алышат.Ар бир тема боюнча керектүү жерлеринде флешкага көчүрүү менен видео сабактарды өтүшөт.Айрым мугалимдер өздөрү үчүн персоналдуу ноутбуктарды алышкан. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.3** | **Окутууну баалодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу** | Билим берүүнүн стандарттык талабына ылайык окуутууну баалоодо жана корректировкалоодо баалоонун түрлөрү колдонулат ( критерий, көрсөткүч, ички баа берүү, сырткы баа берүү, мониторинг, байкоо жүргүзүү, маектешүү, өзүнө баа берүү, маалыматтарды чогултуу)Мектептин директору,окуу-тарбия иштери боюнча орун басары тарабынан жылына өзүн-өзү баалоо максатында мониторингдер жүргүзүлүп турат.Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу жана бири-бирин баалоосун колдонуу ар бир сабакта пайдалануу сунуш кылынат жана практикада колдонулуусуна көзөмөл жүргүзүлөт.Баалоонун ата-энелер жана окуучулар үүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу максатында электрондук күндөлүктү пайдаланышат. | Педагогикалык кеңештин токтомдору<br>Усулдук кеңештин отурумдарынын токтомдору<br>Кайтарым байланыш тууралуу мугалимдер үчүн колдонмо |
| **2.4** | **Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык –айкын системасынын болушу** | Билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу менен мектеп ичиндеги жыйынтык берген баалоонун түрлөрү колдонулат(мониторинг, өзүн-өзү баалоо, маектешүү, анкета алуу, ички-тышкы баа берүү).Окуучуларды мотивациялоо максатында баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат.Мисалы:практикалык иштерди аткарууда өз ишин өзү баалоо же өз ара баалоо ишке ашырылат.Ар бир сабакта коюлган баа сөзсүз түрдө окуучуга маалымат катары күндөлүгүнө коюлат. Биз колдонгон баалоолор чейрек | Жазуу иштери жана мониторингдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жыйынтыгында, көчүрүү экзамендеринде, жыйынтыктоочу аттестацияларда өз жыйынтыгын берет.Жарым жылдыкта жетишилген жыйынтыктары боюнча ар бир класстын ата-энелер чогулушунда класс жетекчи маалымат берип,талдоого алынат жана жакшыртуунун үстүндө иштер жүргүзүлөт.<br>Ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы менен класстар жана предметтер боюнча мониторинг жүргүзүлүп,аларды талдоо жана жакшыртуу боюнча иш-аракеттер көрүлөт. | |
| **2.5** | **Окуучуларга баалоонун колдонуучу эрежелери,жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу** | Окуучулардын сабакка жетишүүсүн баалоонун жол-жоболорун жана инструменттеринин ( мисалы, жазуу иштери, окуу көндүмдөрү, долбоорлор ж.б) пайдалануучулугун аныктоо. Ушунун негизинде окуучулардын чейректик баалары 2.4 пунктунун негизинде чыгарылат.Окуучуларга жана ата-энелерге баалоонун эрежелери жана жол-жоболору ошондой эле кайра кароо процедурасы тууралуу маалыматтар тааныштырылат.Бул маалыматтар мектептин маалыматтык такчаларында илинген.Окуучу эрежелерге ылайык болбой билим сапатын туура эмес бааланды деп эсептеген учурда аппеляцияга берүүгө акысы бар.Бул учурда мектеп ичинде аппеляциялык комиссия түзүлөт, наарazы болгон окуучунун билими комиссия алдында кайра бааланат.Баалоонун жыйынтыгы боюнча аппеляциялоо процедурасы КР нын ББжИМ тарабынан бекитилген баалоонун жыйынтыгы боюнча аппеляциялоону берүү жана кароо боюнча жалпы эрежеге ылайык жүргүзүлөт. | Баалоонун критерийлери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.6** | **Коопсуз,өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо,билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу** | Мектептин билим берүү процессинде окуучулардын коопсуздугун,психологиялык ыңгайлуулукту камсыз кылуу максатында атайын иш-чаралар өткөрүлүп турат.Ар кандай тартип бузуулардын алдын алуу боюнча өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы тарабынан рейддер жүргүзүлүп,түшүндүрүү иштери системалуу түрдө ишке ашырылат.Бул иштерге окуучуларды аралаштыруу максатында "Милициянын жаш достору" сыяктуу топтор уюштурулган. Класс жетекчилер ар кандай темада тарбиялык сааттарды өтүшүп,окуучулардын психологиялык туруктуулугуна кам көрүшөт.Мектепте өнүктүрүү жана психологиялык жактан ыңгайлуулуктарды түзүү жана ден-соолукту чыңдоо максатында предметтик,маданий-массалык жана спорттук ийримдер бар.Мисалы:волейбол,футбол,шахмат,теннис,бий,комуз,тогуз коргоол ийримдери иш алып барат.Билим берүү мекемесинин окуучулардын өнүктүрүүчүлүк көндүмдөрүн өстүрүү максатында мектеп ичинде предметтер аралык олимпиадалар өткөрүлүп турат.Мектеп жакшы гигиеналык шарттарда, толук жарыктандырылган жана коопсуз имараттар менен камсыз болгон. Мектепке орнотулган видео көзөмөлдөрдүн жардамы менен мектеп ичиндеги жана сырттагы коопсуздук сакталып турат. Балдардын ден соолугуна зыян келтирүүчү заттар жана оорулар тууралуу түшүндүрмө берилип, дубал газеталар көрүнө жерде илинип турат. | Тарбия иштери боюнча уюштуруучунун пландары Класс жетекчилердин тарбиялык пландары,журналдары Мектептеги спорттук бирикменин ,ийримдердин пландары |
| **2.7** | **Ички жана тышкы баалоонун системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы** | Мектепте окуучулук контингентине ички жана тышкы баалоо системалуу жүргүзүлүп мониторинг чыгарылып турат жана жыйынтыктын динамикасына байкоо салынып,анын натыйжалары талкууланат.Акыркы 5 жылдык динамиканы аныктоо максатында ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы менен салыштырмалуу текшерүү иштери жүргүзүлүп турат.Акыркы беш жылдан берки жүргүзүлгөн биздин мектептин ички, тышкы мониторинги:<br>- ЖРТ боюнча райондон үч жыл биринчи орунду камсыз кылды. ( 200-205 балл менен)<br>- Олимпиадалардын жыйынтыгы:<br>Райондон математика, кыргыз тили, орус тили., биология предметтеринен 1-2-3- орундарды камсыздап, облустан 2-4-орундарды багындырып келишет.<br>- Секом, Нова, НЦТ сынамык тесттеринен окуп жана тапшырып, жыйынтыктары ЖРТда үзүрүн берет. | ЖРТ боюнча маалыматтар, НЦТ жыйынтыктары,мектептин ичинде жүргүзүлгөн мониторингдер. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| **2.8** | **Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу** | Мектептин администрациясынын эшиги баардык окуучулар үчүн ачык.Ар бир окуучу кайсы учур болбосун мектептин бардык маселелери боюнча кайрылууга мүмкүн.Окуучулар,ата-энелер же башка кызыкдар тараптар тарабынан даттануу же доомат коюлушу мүмкүн,ал мектептин кезексиз педагогикалык кеңешмесинде каралат..Кызыкдар тараптардан түшкөн кайрылуулар мектептин администрациясы тарабынан каралып, жыйынтыктар чыгарылып турат. Бир да кайрылуу көзөмөлсүз калтырылбайт. Мектеп ата-энелер комитети менен тыгыз байланышта.<br>Окуучу,ата-эне жана администрация болуп,үч тараптуу келишим түзүлөт.<br>Мектепте анонимдик даттануу үкөгү бар,окуучулар ар үрдүү даттанууларын,каалоо-тилектерин,талаптарын жашыруун сала алышат. | Кайрылуулулар, арыздар тиркелген папка |

**Жыйынтыгы:**

**Күчтүү жактары: Мугалимдердин ишине ата-энелер,окуучулар тарабынан баа берилип турушу,кошумча иш-чаралардын өткөрүлүп турушу.**

**Алсыз жактары:Айрым предметтер боюнча окуу-методикалык колдонмолордун жетишсиздиги.**

<table>
<tr><th colspan="4">3.Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү</th></tr>
<tr><th colspan="4">Билим берүү уюмунун өз ишин компетентүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадрдык саясаты болушу керек.</th></tr>
<tr><td>3.1</td><td>Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим программасына шайкеш келүүсү</td><td>Мектепте азыркы учурда 52 мугалим,1 китепканачы,1 лаборант,1 социалдык педагог эмгектенишет.Мектепте эмгектенген педагогикалык персоналдын баардыгы жогорку билимдүү, 8 мугалим билим берүүнүн мыктысы.Баардык предметтерден тажрыйбалуу, билим берүүнүн мыктысы сыйлыгына ээ болгон педагогдор эмгектенишет. Жалпы билим берүүчү стандарттык программалар боюнча сабак берген, өз ишин мыкты билген,окутуунун максаттарына жетүүнүн талаптарына толук жооп берген,заманбап инновациялык технологиялар жана методикаларды колдоно билген мыкты адистер эмгектенишет.Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө мугалимдер өз билимдерин жогорулатуу үчүн курстардан өтүп турушат.Бардык мугалимдер өз предметтеринен гана сабак бере алышат. Пенсия жашындагы эжелер өз милдеттерин так жана жоопкерчилик менен аткарышат.</td><td>Мектептин педагогикалык сапаттык курамы жөнүндө маалымат;<br>Сертификаттар<br>Дипломдор</td></tr>
<tr><td>3.2</td><td>Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү , ошондой билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу</td><td>Мектеп билим берүү чөйрөсүндөгү жакшы гигиеналык шарттарды,таза сууну жана абаны,жарыктандырууну жана коопсуз имараттарды,зордук-зомбулуктун жоктугу менен окутуунун толеранттуу атмосферасын камсыз кылууну максат кылат.Билим берүү процессинин катыш учурларынын даттанууларын жана пикир сунуштарын кабыл алуучу атайын куту жана китепче уюштурулган.Мектепте конфликттик комиссиясы иш алып барат.Окуучулардын билим денгээлин баалоодо да атайын аппеляциялык комиссия иш жүргүзөт.Билим берүү процессинин баардык катышуучулары өздөрүн бардык багытта эркин жана коопсуз сезүүсү үчүн толук шарттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн болушун камсыз кылууну мектеп жетекчилиги негизги милдет деп эсептейт.</td><td></td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3.3** | **Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу** | Мектепте педагогикалык кадрларды кесиптик өнүктүрүүнүн салттуу системасы колдонулат. Жыл сайын 15% кем эмес педагог өз квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде, азыркы кырдаалга байланыштуу дистанттык түрдө жогорулатат. Профсоюз комитети жана мектеп администрациясы билим берүүдө жана ишмердүүлүктө, коомдук турмушта жана маданий массалык иш-чараларда,методикалык жана компетенттүү изденүүчүлүктө активдүүлүктү көрсөткөн же ийгиликке жетишкен билим берүү процессинин катышуучуларын белгилөөнү,дем берүүнү жана сыйлоону уюштуруп турат.Бул мотивациялык колдоо,стимул болуп эсептелет.Бул боюнча атайын сыйлык комиссиясы иш алып барат.Дем берүүчү акыдан да активдүү иш алып барган персоналдарга кошумча упай администрация тарабынан кошулуп берилет. Ошондой эле өзгөчө изденүүчүлүктү көрсөткөн кесиптештерди мектептин мактоо баракчалары,грамота,дипломдор менен сыйлап,жогору турган мекемелерге сыйлоо тууралуу сунуштарды киргизет.Андан тышкары мезгил-мезгили менен мектеп администрациясы тарабынан “мыкты мугалим”,”мыкты класс жетекчи” сыяктуу сынактар жарыяланып,кызыктыруучу сыйлыктар коюлат. | Квалификациясын жогорулаткандыгы тууралуу мугалимдердин сеeертификаттары;<br>Стим фонддун токтомдору<br>Эмгек паспорттору |

**Күчтүү жактары:**

**1. Мугалимдердин инновациялык билим берүү усулдарына жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлүүсү;**

**2.Мектептин ички жана тышкы байланыштар менен иш алып баруусу;**

**3.Квалификациясын жогорулатуу курстарынан ар бир беш жылда ар бир мугалим өз билимин жогорулатуу үчүн өтүп турушу;**

**Сунуштар: Өз билимин жогорулатуу боюнча шарттардын болуусу.**

## 4.МАТЕРИАЛДЫК- ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| 4.1 | **Билим берүү процессинин катышуучуларына,анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары,лабораториялар,компьютердик класстар ,спорт зал)болушу** | Мектепте окуучулардын билим алуусу үчүн материалдык-техникалык базанын шарттары түзүлгөн. Мектептин эски корпусу 2017-2018-окуу жылында капиталдык оңдоо-түзөө иштеринен толугу менен өткөн.Мектептин жаңы кошумча корпусу 2019-2020-окуу жылында ишке берилген. Мектептин жалпы аянты планда көрсөтүлгөн боюнча **24934,0 кв.м**.Иш жүзүндө **24320,0кв.м** Эки кабаттуу, типтүү. Эски корпуста **15 класс-** кабинет,жаңы кошумча корпуста **10** класс-кабинет бар**,1** компьютердик класс бар,класста **20** компьютер коюлган,**10** компьютер интернетке кошулган. **3** принтер, **1** проектор, **3** телевизор менен колдонулуп, сабактар өтүлөт. Химия жана физика кабинеттеринин лабораториялык бөлмөлөрү бар, бирок, жабдыктары жок. 1-4-класстардын окуучуларына ысык тамак берүүгө ашкана, спорт зал, актовый зал бар. Ашкана ысык суу менен камсыз кылынган,100 орунга ылайыкташтырылган керектүү идиш-аяктар,ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-ашты сактоочу склад менен толук камсыз болгон.Ашкана санитардык норманын шарттарына толук жооп берет.Ашканада душ бар,мектепте ички туалеттер бар.Спорт залда машыктыруучу зал бар,спорттук кружоктор иштетилет.Мектептин кире беришинде пандус орнотулган..Мектептин аянтчасында окуучуларга турник,машыгуучу ар кандай эмеректер,мини футбол аянтчасы бар. | Мектептин материалдык-техникалык базасы тууралуу маалымат<br><br>Тех.паспорт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.2** | **Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук,эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери)** | Мектепте өрт коопсуздугу боюнча эвакуациялык пландары, щиттер, коопсуздук бурчтары уюштурулган. Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат. Өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган. Өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуучу эшиктер бар.Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерди аткаруу үчүн ар бир окуу кабинеттеринде санитардык бурч коюлган.Ашканада окуучулар колдорун жууп туруу үчүн раковиналар коюлган. Техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат.Класс кабинеттерде өрт боюнча буклеттер илинген.окуу корпустарынын абалы жакшы,күнүнө эки жолу тазалоочулар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат,мектеп жылына бир жолу ондоп- түзөө иштери жүргүзүлүп турат. | Нускама, коопсуздук боюнча эвуакациялык пландар<br>Санитардык – эпидемиологиялык текшерүүнүн АКТысы |
| **4.3** | **Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо,талдоо жана пландоо механизминин болушу** | Мектептин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында инвентаризация жүргүзүлүп турат. Мектептин жалпы бүтүндүгү мектеп кароолчуларына милдеттендирилип, бекитилип берилген. Ар бир класс кабинет жана инвентарлардын сакталышы кабинет башчыларына жана класс жетекчилерге милдеттендирилип берилет.<br>Мектепте окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн окуу класстары талапка жооп бере бербейт. Себеби, ар бир класс кабинеттерде электрондук доскалар, проекторлор менен жабдылган эмес. Ошондой эле окуу куралдары жана окуу усулдук материалдар жетишпейт. Жетиштүү болушу үчүн жергиликтүү айыл | Кайрылуулар, сметалар, кириштөө жана чыгыштоо актылары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өкмөттөргө билдирүүлөр берилип турат.,бирок эч кандай жардам жок. | |
| **Күчтүү жактар:Имараттын жана окуу кабинеттердин абалы жакшы.Талапка ылайык шартка, тазалыкка жана жылуулукка ээ болушу. Ар бир класстын окуу каражаттары менен камсыздалышы.**<br>**Алсыз жактар:Инновациялык каражаттардын жетишсиздиги.** | | | |

**Аккредитациядан өтүү үчүн түзүлгөн комиссиянын курамы:**

**1. Мектеп директору:___________Э.Султанова**

**2. Окуу бөлүмүнүн башчысы:___________Н.Шарабидинов**

**3.Тарбия иштерин уюштуруучусу:___________Жаныбек кызы Айзат**

**4.Секция жетекчиси:____________А.Абдиева**

**5. Секция жетекчиси:____________Д.Ызабаева**

**6. Секция жетекчиси:____________Г.Мурсаева**

**7. Секция жетекчиси:___________А.Асанканова**

**8. Секция жетекчиси:___________А.Ашыралиева**

**9. Секция жетекчиси:___________Г.Асаналиева**